# Mastercard Standard жана Mastercard Gold карталарынын ээлери болгон кардарлар үчүн MasterCard картасы менен бирге "Жомоктогудай саякат" акциясынын эрежелери

1. **Глоссарий:**

**1.1. Карта-эсеп** - Банктын кардары карта менен колдонуучу АБС жана РБС тутумдарында Банк тарабынан Кардар үчүн ачылуучу банк эсеби. Карта эсебине картаны пайдалануу менен андан ары сарптоого багытталган акча каражаттары чегерилет.

1.2. **Кошумча карта** - бул кардардын негизги картасына чыгарылган жана негизги карта менен бирдиктүү карта-эсебине ээ болгон банк картасы.

2. **Жалпы жоболор**

2.1. Өткөрүлүп жаткан жарнама Акция лотерея оюну болуп саналбайт жана кардарлар арасында Mastercard төлөм карталарын кеңири колдонууну сүрөмөлөөгө багытталган.

2.2. Жеңүүчү ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн шарттардын аткарылышына жараша аныкталат. Жеңүүчүнү аныктоодо кокустан туш келүү принциби (жеңүүчүнү тобокел тандоо алгоритмин колдонуу) болбойт.

3. Акциянын максаты:

3.1. Кардарларды «РСК Банк» ААК тарабынан чыгарылган Mastercard төлөм карталары менен нак эмес операцияларды жүргүзүүгө тартуу жана кызыктыруу.

3.2. Mastercard төлөм карталары менен нак эмес операциялардын көлөмүн көбөйтүү.

**4. Акцияны өткөрүү мезгил аралыгы**

Акция 2021-жылдын 1-апрелинен 30-ноябрына чейинки мезгил аралыгында жүргүзүлөт.

Акциянын жеңүүчүлөрү 2 айда бир аныкталып турат.

Байгелер: Эки кишиге төмөнкү өлкөлөргө 4 саякат:

• Түркия

• Малдив аралдары

• Египет

• Дубай.

**5. <u>Акциянын катышуучулары</u>**

<u>5.1. Акция мезгили ичинде жаш курагы 18ге толгон, «РСК Банк» ААКнун MasterCard карталары аркылуу нак эмес операцияларды жүргүзүп жаткан жеке адамдар.</u>

6. **<u>Акцияга катышуу тартиби</u>**

6.1. Акцияга катышуу үчүн акция мезгилинде Катышуучу “РСК Банк” ААК тарабынан чыгарылган Mastercard карталарын колдонуу аркылуу соода тармактарында кайсы болбосун акчада (валюта) сатып алуу учурунда нак эмес төлөмдөрдү жүргүзүшү керек.

6.2. Эсептөө үчүн негизги жана бир кошумча карта менен жүргүзүлгөн бүтүмдөр ( транзакциялар) кабыл алынат. Эгерде бир нече кошумча карталар бар болсо, анда эсептөө үчүн кошумча карталар арасында бүтүмдөрдүн саны эң көп болгон кошумча карта кабыл алынат.

6.3. Төмөнкү операцияларды – төлөмдөрдү аткаруу аркылуу Акцияга катышууга болбойт:

- карта-эсебинен акча каражаттарын алуу же карта-эсебине салуу.
- Банктын кассасында жана өз алдынча тейленүү түзүлмөлөрүндө жана Мобилдүү банкингде/ RSK24 интернет банкингде коммуналдык тейлөө кызматтарына жана башка төлөмдөргө төлөө.
- суммаларды атайылап бөлүштүрүү, мисалы: бир соода жана тейлөө түйүндөрүндөгү бир эле ошол соода түйүнүндө 2 сааттын ичинде бир нече (бирден көп) төлөмдөр ж.б. Мындай учурда негизги жана кошумча карталарды пайдалануу аркылуу жүргүзүлгөн төлөмдөргө карабастан 1 гана төлөм катары эсепке алынат.
- бир соода жана тейлөө ишканаларында бир күндө 3төн көп бүтүмдөр.

**7. <u>Жеңүүчүлөрдү аныктоонун шарттары:</u>**

7.1. Акцияда жеңүүчүлөр төмөнкүдөй аныкталат:

- Акция мезгилинде ар бир 2 айда бир карта-эсепте төлөмдөрдүн максималдуу санын (50 төлөмдөн кем эмес) жүргүзгөн 1 (бир) жеңүүчү аныкталып турат. Мында бир төлөмдүн суммасы 300 сомдон кем болбошу керек. 4

катышуучу Акциянын толук мезгилинде жеңүүчү катары аныкталышат.

**8. Байгелерди тапшыруу:**

8.1. Акциянын ишин жыйынтыктоо жана Байгелерди тапшыруу акиянын аягында же 2021-жылдын 31-декабрына чейин жүргүзүлөт.

9 **. Кошумча шарттар:**

9.1. Акцияга Банктын кызматкерлери жана алардын жакын туугандары (ата-энелери, жубайлары, балдары) катыша алышпайт;

9.2. Акцияга катышуу жана анын шарттары менен макул болуу Катышуучунун ушул Эрежелердин 4, 5, 6-пункттарынын аткарылышы менен тастыкталат.

9.3. Бир эле ошол кардар Акциянын толук бир жолу гана байге ээси боло алат.

9.4. Эгерде эки кардарда төлөмдөрдүн максималдуу саны бирдей болуп чыгып калган болсо, анда жеңүүчү төлөмдөрдүн максималдуу көлөмүнө жараша аныкталат.

9.5. Жеңүүчүлөр байгелерди алууга байланыштуу транспорт жана башка чыгымдарды өздөрү көтөрүшөт.

9.6. Байгелерди алууга байланыштуу салыктарды чегерүүнү Акцияны уюштуруучу өзү көтөрөт.

9.7. Ушул сыяктуу мурдагы Акциялардын жеңүүчүлөрү бул Акцияда жеңүүгө талапкер боло алышпайт.

10. **Жеңүүчүлөрдү аныктоонун жыйынтыктары:**

10.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн комиссия түзүлүп, анын курамы Банк Башкармасынын токтому менен бекитилет.

10.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси-курамы Комиссиянын отурумунун протоколу менен тастыкталат жана Банк Башкармасынын токтому менен бекитилет.

10.3. Башкарма төмөндөгүдөй чечимдердин бирин бир тараптуу тартипте кабыл ала алат:

- Акциянын шарттарына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү;

- Банк боюнча же белгилүү бир материалдар боюнча дагы кандайдыр бир жагдайларга байланыштуу Акцияны жүргүзүү ишин белгилүү бир мөөнөткө токтото туруу же токтотуп коюу.

10.4. Акциянын негизги жана орто аралыктагы жеңүүчүлөрү жөнүндө маалымат Банктын www.rsk.kg сайтында жайгаштырылат.

10.5. Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары жана сыйлоо аземи тууралуу жеңүүчүлөрдү аныктаган күндөн тартып 10 күндүн ичинде түздөн-түз телефон чалуу аркылуу билдирет.

10.6. Акциянын Катышуучусу байланыш маалыматтарын бергендиги жана берилген маалыматтардын тактыгы үчүн жооптуу болот.

10.7. Жеңүүчүнү өз убагында кабарлоого жолтоо болгон туура эмес көрсөтүлгөн маалымат-реквизиттер, уюлдук жана туруктуу байланыш операторлор тармагындагы кайсы болбосун мүчүлүштүктөр үчүн Банк жооп бербейт.

10.8. Эгерде Жеңүүчүнүн өзүнүн айынан анын Акцияда жеңүүчү болгондугу тууралуу ага билдирүүгө мүмкүн болбой калган, жеңүүчүгө Акциянын жыйынтыктары жөнүндө билдирүү жөнөтүлүп, анын жыйынтыктары Банктын сайтына жарыяланган күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде жеңүүчүнүн дайыны билинбесе, анда ушул Акциянын жеңүүчүсү болуп Акциянын кийинки катышуучусу эсептелет.

10.9. Акциянын шарттарына өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген же Акцияны токтото туруу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда Акциянын катышуучулары бул тууралуу Банктын www.rsk.kg корпоративдик сайтына жайгаштырылган жарыя аркылуу маалымдалышат.

11. **Байгелерди алуунун шарттары:**

11.1. Байгелер байге тапшыруу аземинде тапшырылат.

11.2. Банк Башкармасынын Акциянын жыйынтыктары тууралуу кабыл алган чечим бардык Катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана ал боюнча даттанууга болбойт;

11.3. Ушул Эрежелер, ошондой эле, аларга киргизилген өзгөртүүлөр Банк Башкармасынын Токтому менен бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет;

11.4. Ушул Эрежелер, ошондой эле, аларга киргизилген өзгөртүүлөр Банктын www.rsk.kg сайтында жайгаштырылат.